КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ
ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ
ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ
СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____№_____ г.Бишкек

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча 2026-жылга карата Планын бекитүү жөнүндө

“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын (мындан ары - Мыйзам) ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдуулукту бекемдөө жана бузууларды алдын алуу, мамлекеттик органдардын жетекчилеринин кадрдык иштерге кураторлук кылган орун басарларынын, аппарат жетекчилеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары - ЖӨБ) жооптуу катчыларынын ишин координациялоо, ошондой эле мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын маселелери боюнча мыйзамдардын талаптарын аткаруудагы мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 22-мартындагы № 85 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары - Агенттик) жөнүндө Жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча 2026-жылга карата Планы (мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-25/434, 12.12.2025

Кол койгон: Джантаев Э.Н.

2. Аппараттын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрукту Агенттиктин сайтына жайгаштырсын.

3. Мониторинг жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө бөлүмү белгиленген мөөнөттөргө ылайык Пландын аткарылышын камсыз кылсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

Директор **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН